КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ОБЛУСУ
ЖУМГАЛ РАЙОНУ
КЫЗАРТ
БИРИКТИРИЛГЕН АЙЫЛДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН
КЫЗАРТСКИЙ
ОБЪЕДИНЕННЫЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ

**Кызарт айыл аймагынын бириктирилген айылдык кенешинин**
**I-чакырылышынын II-кезексиз сессиясынын**
**Токтому №4/6**

Жаны-Арык айылы 15-сентябрь 2023-жыл

**Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Жусуповдун “Компаньон Банкы” тарабынан пайдаланылып келген имараттын ижара акысын көтөрүү тууралу сунушун кароо боюнча.**

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Кызарт айыл өкмөтүнө караштуу имараттын ижара акысын айына 8 000 (сегиз) миң сомдон төлөө менен “Компаньон ЖАК" 2018-жылдан бери пайдаланып келген, ушул имараттын 46,36 м2 түзгөн коридор жана эки бөлмөсүнүн ижара акысын айына 15 000 (он беш) миң сомго чейин көтөрүү боюнча Кызарт айыл өкмөтүнүн башчысы К.Жусуповдун сунушун карап, айылдык кеңештин депутаттарынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап Кызарт бириктирилген айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кызарт айыл өкмөтүнүн “Компаньон ЖАК” тарабынан пайдаланылып келген имараттын ижара акысын көтөрүү боюнча сунушун талкуулап, электр энергиясынын жана башка комуналдык чыгымдардын кымбаттагандыгын эске алуу менен айына 15 000 (он беш) миң сомдон макулдашылып келишим түзүлсүн;

2. “Компаньон ЖАК” менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп эки тараптуу келишимди жаңыртып түзүү жагы Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Жусуповго милдеттендирилсин;

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Жусуповго милдеттендирилсин.

**Төрайым:** **М.Акматалиева.**